Биздин турмуш

Сөзү Тургунбай Эргешов

Обону. Куштарбек Ташматов

Болду эми, биздин көлгө ак куу конбойт,
Сунушуп жемиш жесек таттуу болбойт.
Адамдан ажырашуу оңой эмес,
Буркурап жүрөктөрдө бороон боздойт.

Болду эми суулар акпайт биздин сайдан,
Суусаймын көрүп калсам сани кайдан.
Дагы эле менин сүйүүм кутуруuда,
Кем калбай жайлоодогу кулун-тайдан.

Түшкөндө жүрөгүмө аппак жарык,
Сагынам журогумду ачып салып
Калды го турмушубуз сүйүшсөк да,
Сулуунун күзгүсүндөй талкаланып.

Тагдырга туш кылбасын нуксуз жарды,
Жаш жарым жесир деген укук алды.
Жүзүбүз же көрүнөт, же көрүнбөйт,
Күзгүнүн сыныгындай турмуш калды.